## ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ

## ВОСПИТАНИЯ И ОБУЧЕНИЯ

## EDUCATION AND TRAINING

***Алымбаева Бермет Бекешовна,***
***илимий кызматкери***
***Кыргыз билим берүү академиясы***

***Сабырова Элзада Сыдыковна***
***педагогика илимдеринин кандидаты, ага окуутучу***
***К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети***

# ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН НЕГИЗИНДЕ ҮЙ-БҮЛӨ ТАРБИЯСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Алымбаева Бермет Бекешовна,***
***научный сотрудник***
***Кыргызской академии образования***

***Сабырова Элзада Сыдыковна***
***кандидат педагогических наук, преподаватель***
***Бишкекский гуманитарный университет имени К. Карасаева***

# ОСОБЕННОСТИ СЕМЕЙНОГО ВОСПИТАНИЯ НА ОСНОВЕ КЫРГЫЗСКОЙ ЭТНОПЕДАГОГИКИ

***Alymbaeva Bermet Bekeshovna,***
***Researcher***
***The Kyrgyz Academy of Education***

***Sabyrova Elzada Sydykovna***
***Candidate of Pedagogical Sciences, Senior Teacher***
***Bishkek Humanities University named after K. Karasaev***

# THE SPECIFICS OF FAMILY UPBRINGING ON THE BASIS OF THE KYRGYZ ETHNIC PEDAGOGY

***Аннотация:*** *Азыркы мезгилде дүйнө жүзүндө адептик-рухий тарбияга өзгөчө көңүл бөлүнүп жатат. Макалада авторлор, үй-бүлөдөгү тарбия маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин карамагында турушу зарыл деп караган. Педагогикалык теория менен практиканын көп кырдуу проблемаларынын ичинен туруктуу*

*салтка айланган актуалдуу маселелердин бири балдарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн өзгөчөлүктөрүнө карата даярдоо болуп эсептелет. Руханий дөөлөттөрү бай жана бекем үй-бүлө бардык мезгилдерде, бардык коомдордун бакыбаттыгынын пайдубалы катары каралган. Учурда элибиздин руханий билимдерин окуп-үйрөнүү, тарбия берүүдө өсүп келе жаткан жаш муундарды келечекке, турмушка ишенимдүү даярдоо, аларды маданияттуулукка үйрөтүү, кыргыз элинин мурастарын илимий негизде үйрөнүү эң орчундуу маселелердин бири. Ошондой эле, теманын актуалдуулугу жаш муундарды үй-бүлөдө тарбиялоодо коомдун социалдык талаптары педагогикалык теорияда жана практикада жетиштүү иштелип чыкпагандыгы жана анын учурдагы социалдык-экономикалык шартта зарылдыгы менен белгиленет.*

***Аннотация:*** *В настоящее время особое внимание во всем мире уделяется духовно-нравственному воспитанию в семье. В статье авторы семейное воспитание рассматривают как стратегическую задачу любого государства. Среди многосторонних проблем педагогической теории и практики традиционно одной из актуальных проблем при воспитании учеников является подготовка с учетом особенностей семьи. Духовно богатые и крепкие семьи во все времена и целого общества считались залогом здоровой нации. Основополагающими задачами современного общества является привитие нравственно-духовных ценностей подрастающему поколению, воспитание в них уважения к многовековому наследию кыргызского народа, изучение особенностей культуры на научной основе. Актуальность темы заключается в том, что в воспитании молодого поколения в семье социальные нормы общества в педагогической теории и практике недостаточно разработаны, как того требуют нынешние социально-экономические условия.*

***Annotation:*** *Currently considerable attention of the world is being focused on the spiritual personal development and well-being. In the present article the authors find the system of family nurturing education as a strategic tool that is important to put under state control. Among many different fields of pedagogic theory and practice as a tradition tends to be one of the actual problems in nurturing and educating children is the specific role and family cooperation. For instance spiritually rich families are key factors in shaping healthy nation. The fundamental tasks of modern society are the development of moral and spiritual values of the younger generation, educating in them respect for centuries-oldheritage of the Kyrgyz people, studying the peculiaritiesof the culture on a scientific basis. The relevance of the topic is that in the upbringing of young generation in the family social norms of society on pedagogical theory and practice are not sufficiently developed as required by the current socio-economic conditions.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *этнопедагогика, таалим-тарбия, үй-бүлө, коомдук статус, баланы тарбиялоо, адептик нормалар.*

***Ключевые слова:*** *этнопедагогика, воспитание, семья, общественный статус, воспитание ребёнка, нормы воспитанности.*

***Key words:*** *care, family, social status, morality, courtesy, moral ethics.*

Дүйнөдө түркүн элдер жашап келет. Ырас, алардын турмуш деңгээлдери ар кандай өнүгүү тепкичинде турганы менен, жашоо жалпы адамзатына таандык мыйзам ченеминде өсүп-өнүгүүдө. Бирок, жогоруда дагы белгиленип өткөндөй, ар бир элди, улутту бирин-бирин айырмалап, өзгөчөлөп турган нерселер – тили, дини, салт-санаасы, үрп-адаты, кулк-мүнөзү ж.б. бар.

Мына ошол не бир түркүн элдердин арасынан кыргыз эли да өзүнүн өзгөчөлүгү менен аттын кашкасындай айырмаланып, миңдеген жылдар бою өз маданиятын, ти-

лин, үрп-адатын, салтын, адеп ыйманын, сый-урматын ж.б. толуп жаткан эң мыкты касиеттерин сактап келди. Кыргыз элинин маданияты – миңдеген жылдардан бери карай түптөнүп, калыптанып келе жаткандыктан, ал дүйнөгө «Манасты», Токтогулдай ырчыны, Карамолдодой комузчуну, Чыңгыздай залкар жазуучуну жаратты. Чындыгында «элдик педагогика» деген түшүнүккө ар кандай аныктамалар бар. Элдик педагогика - элдин жашоо-тиричилигинин ыңгайына жараша тартиби сакталып, элдик оозеки чыгармачылыкта, салт-санааларда, үрп-адаттарда, балдар оюндарында жана башка каражаттарда топтолгон билим жана тарбия берүү тажрыйбаларынын жыйындысын түшүнүүгө болот.

Катмарланган турмуш жыйындысынан, жашоо тажрыйбасынан иргелип, эленип отуруп пайда болгон макал-лакаптар эле мунун бир мисалы катары боло алат. Негизинен кыргыз эли баланы эле эмес жалпы эле улуу-кичүү муунду тарбиялоодо, ага турмуштун оң жолун көрсөтүүдө, алдыга жана жакшылыкка сүрөп, кандайдыр бир ийгиликтерге, мисалы, баатырдык жеңиштерге шыктандыруу ж.б. иштеринде буларды негизги каражат катары пайдаланып келген. Андыктан, бул байлыгыбызды балдарды илим-билимге, эмгекке, адамдык асыл касиеттерге, ата мекенди сүйүүгө калыптандырууда сөзсүз пайдаланышыбыз абзел.

Ошентип, элдин маданиятынын ажырагыс бир бөлүгү болуу менен жаш муундарды гумандуулукка, өз жерин сүйүүгө, адамгерчиликке, эмгекчилдикке, жашоого ишенимдүү кароого жана башка ушул сыяктуу сапаттарга тарбиялап, калыптандырып, мурас катары муундан-муунга өтүп келген. Башка элдер сыяктуу кыргыз эли да көптөгөн кылымдар аралыгында топтоштурган өзүнүн маданиятын бүгүнкү күнгө чейин улантып келүүдө.

Эненин татыктуу тарбиясын алган балдар үй-бүлөнүн ишенимдүү жардамчысы боло алышкан. Мисалы, кыз бала эненин «Жеңилин жерден, оорун колдон алып», үй ичинин тазалыгын сактап, идиш-аяк кармап, тамак-аш жасаганга көмөктөшсө, эркек бала эненин да, атанын да ишине жардам берип, алардын өйдө чыкса «өбөгү», ылдый түшсө «жөлөгү» болуп, чоң милдет аткарган. Эркек балдар үчүн жалаң эненин тарбиясы жетишсиз болгон. Эркек балага эне адебин үйрөнүп, жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүүдөн тышкары да, «эл четинде жоо бетинде» өзүн татыктуу алып жүрүү үчүн атанын тарбиясын алуу зарылдыгы келип чыккан. Аталар эркек балдарды Ата-Мекенди, элди, Ата-Журтту жана туулган жерди баалоого, көздүн карегиндей сактоого, сүйүүгө, коргоого, эч кимге тепсетпөөгө, ошондой эле эрдик жаратууга, кайраттуулукка үйрөткөн. Ата тарбиясын алган бала ат үстүндө чапчаң, шамдагай, ыкчам жүрө билүүгө, айткан сөз, берген убадага бек болууга тарбияланган. Аталар өз балдарын Ата-Журт үчүн өз өмүрүн да аябоого, туулган жердин топурагын баалоого үйрөткөн. Чындыгында эле ата тарбиясы эркек бала үчүн аба менен суудай зарыл экендигин азыркы коомдук турмуш да далилдеп койду. Бүгүн көпчүлүк ата-энелер турмуш көйгөйүнөн улам, өз балдарын тарбиялоо жоопкерчилигинен четтеп турат. Анын үстүнө, соңку убактарда өздөрү дагы элдик педагогика деген эмне экендигин биле бербей, орус тилдүү, орус дилдүү болуп калышкандыгы да турмуш чындыгы. Андыктан: «Мен өзүм түшүнбөй жатсам, балама кантип кыргыз тилин, каада-салтын үйрөтмөк элем. Такыр тишим да өтпөйт, тилим да келбейт. Анан кантип аныңарды балам үйрөнмөк эле?» – деген ата-энелер (айрыкча шаарда) четтен табылат.

Кыргыз үй-бүлөсүндө улууларды урматтоо – чоң мааниге ээ. Анткени, улуулар чоң турмуштук тажрыйбага ээ болуу менен, жашоо-тиричиликтеги татаал маселелерди чечүүгө жигердүү катыша алат. Кыргыз элинин мыйзам ченемдүү көрүнүштөрүнүн

бири, чоң ата менен менен чоң энелеринин көзүнчө баласын өбүүгө жана эркелетүүгө, акыл айтууга уруксат болгон эмес.

Балдар өздөрүнүн адептүүлүгүн (жакшы тарбия алгандыгын) ата-энелеринин кийлигүүшүсүз эле көрсөтүүгө тийиш болгон. Турмуштук эреже боюнча балдар улууларга биринчи болуп салам берүүгө, аларга үзгүлтүксүз эле суроо бербөөгө, улуулардан мурда отурбоого, үйгө улуулардан мурда кирбөөгө, тескерисинче эшик ачып, улуулар жана коноктор киргенге чейин кармап турууга тийиш болгон. Мындай салттар азыркы кезге чейин эле улантылууда. Бирок, жергиликтүү улуттук салттар сакталмак гана турсун, өсүп келе жаткан муунду жогорку руханий деңгээлде тарбиялоо үчүн активдүү ишке ашырылышы да керек.

Калк арасындагы аксакал-карыялар, акылман-ойчулдар, манасчы-жомокчулар, кошокчу-чоорчулар, ырчылар, акындар, кол өнөрчүлөр, уздар, дыйкандар, малчылар, колунан көөрү төгүлгөн усталар жана башка бардык өнөрлүү адамдар элдик таалим-тарбиячылар катары жаш муундарга иши, сөзү, таланты жана өз өмүрлөрү менен да тарбия беришкен.

Ар бир адам өзүнүн, үй-бүлөсүн жана ата-энесин уятка калтырбоо, өзүнүн туугандарын жер каратпоо үчүн элдин каада-салтын, үрп-адатын сакташкан. Баланы тарбиялоодо үй-бүлөөдө гана эмес, анын чоңоюп-өсүп жаткан чөйрөсүндө да адептүүлүк, тазалык, ынтымак, дегеле ыңгайлуу жакшы шарт болушуна кам көрүшүбүз керек.

Балдарды оокаттын жеңилин издегенге эмес, оор түйшүктүү талап кылган жумуштарга көнүктүрүп, турмуштун ысык-суугуна кагылтып-согултуп, кыскача айтканда, комуздун күүлөнгөн кылындай чыйралтып эмгекке көндүрүү, бышыруу ар бир ата-эненин, коомчулуктун ыйык парзы экендигин айгинелейт. «Жакшылап үйрөт, билгениң жаш кезиңде балаңа, ата-энең жаш кезинде акыл айткан сага да» - деп акылмандар илгертеден сабак айткандай, эмгекке тарбиялоонун өзөк тамыры үй-бүлөдө жатат. Бала түлөк кезинен жан дүйнөгө сиңирген тарбия өмүр бою адамды коштоп жүрөрү, ал адамдын турмуш жолу ошол алган тарбияга тыгыз байланыштуулугу-турмуштун жазылбаган мыйзамдарынын бири.

Тескерисинче, кыз-уул жакшы чыккан маалда да анын ата-энесине, туулуп-өскөн, таалим-тарбия алган жерине ошондой кызыгуу, суктануу, башкаларга үлгү кылуу аракеттери болуп турган жана бул процесс азыркы күндө деле жашап келет.

Байкоо жүргүзүү көргөзгөндөй балдардын, неберелердин жашоо тиричиликтеринин мүнөзү кандай гана өзгөрбөсүн, алар балдарына үй-бүлөлүк тарбия берүүдө эреже катары эл акылынан эленип чыккан үй-бүлөлүк осуяттарды карманбай койбойт. Ошол эле чоң энелер ырдап, бешик ырын ырдашат, бир учурда чоң аталар, аталар айткан акыл - насаатка мүнөздүү болгон акыл насыяттар айтылат ж.б. үй-бүлөлүк педагогикалык осуяттар айрыкча айыл жергесинде күчтүү. Азыр да кыргыз элинин салттуу үй-бүлөлүк тарбия берүүсүнө эмне тиешелүү болсо, анын баардыгын чогултуу, системалаштыруу, үйрөнүү, баалоо, маселелери курч колдонууда. Анткени, этнопедагогикада азыркы учурда үй-бүлө менен мектеп өзөзүнчө болгону адатка айланып калган шаар шартында коомдук тарбиядан өтө алыстап кеткенин белгилей кетүүгө тийишпиз. Бирок, ушул кезге чейин туруктуу жашаган эли бар айылдарда ата-энелер жана жакындары гана эмес, кошуналары гана эмес, иш жүзүндө ошол айылдын ар бир тургуну ар бир баланын тагдырына, тарбияланышына өзүн салттуу түрдө жооптуумун деп эсептейт жана бул милдет катары кабыл алынат.

Азыркы экономикалык-социалдык шарт ар бир балага катуу талап коюп, билимдүү-илимдүү гана адамдардын доору болуу менен маданияттуу, өзүн-өзү алып жүрө билген, жүрүш-туруш эрежелерин сактаган гана

адам керектигин айгинелеп турат. Андай адамды тарбиялоо, калыптандыруу үй-бүлөнүн, мектептин гана иши эмес, мамлекеттин да негизги иш-аракети. Коомдогу эрежелерди, баалуулукту, адамдык сапаттарды өздөштүрүү иши атайын уюштурулушу тийиш.

Улуу энциклопедист, байыркы грек философу Аристотель үй-бүлөнү «бакыттын үйү» деп баалаган. Чындыгында да үй-бүлөдө өз ара мамилелер урмат-сый, бирин-бири түшүнгөндүктүн негизинде уюштурулуп, эркиндик, тең укуктуулук, жыргалчылыгы үчүн ар бир мүчөлөрдүн салым кошууга карата жасалган аракеттери, идеалдарынын деңгээлинде болсо, анда бакыт үйүнө айланары бышык. Үй-бүлөнүн ынтымактуулугу, бирине-бирinin камкордугу, жакындыгы, туугандык сезимдери, жардамдашуу сыяктуу иштери кубаныч алып келерин бала сезе турган деңгээлде тарбия берилсе, бакыт үйүнүн маанисине жетет. Үй-бүлө бул коомдук бирдик, ал тууганчылык мамилелерге жана никеге негизделген. Коомдун негизин үй-бүлө жана анын мүчөлөрү түзөт. Ошондуктан коомдун өсүп өнүгүүсү үй-бүлө, инсандын өнүгүүсү менен белгиленет. Бул үй-бүлөгө камкордук көрүү, анын материалдык базасын түзүү, анын мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелерди чыңдоо, жашоо милдеттеринин чордонуна багыттоо, ата-эненин эң маанилүү иштеринин бири. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелер бирин-бири сүйүү, урматтоо, эсептешүү ыраатында түзүлүп, үй-тиричилигиндеги кызыкчылыктары бир болуп, аял жана эркектердин тең укуктары сакталып, кызматташуунун жана жардамдашуунун деңгээлинде түзүлгөнү жакшы. Үй-бүлөдөгү түзүлгөн иштиктүү ырай атап айтканда, балага болгон сүйүү, ишеним, түшүнүү, аларга көрүлгөн камкордук, булардын баары балдардын кең пейил, чынчыл, жакындарына мээримдүү болуп өсүүсүнө шарт түзөт.

Бүгүнкү күндө бизге, элдик педагогиканын негиздерине таянуу менен иш алып барууну активдештирүү - эң маанилүү маселелердин бири. Балдарды өз элин сүйүүгө, урматтоого тарбиялоо үчүн өлкөдө идеологиянын болушу зарыл. Ошол идеологиянын башаты – «Манас» эпосунан да көрүүгө болот.

Жыйынтыктап айтканда, окутуу жана тарбиялоо ишинде жогоруда айтылган жана ушул сыяктуу элдик идеологияларга сугарылган элдик педагогиканы кеңири колдонуу аркылуу балдардын билимин жогорулатып, рухий дүйнөсүн байытып жана ар кандай жаман көрүнүштөрдөн сактап кала алабыз. Демек, ар бир улут элинин рухий дөөлөттөрү – элдин идеологиясы, үй-бүлөдө тарбиялоонун башаты жана этнопедагогиканын негизи.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары [Текст] / Алимбеков А. – Б.: Алтын тамыр, 2001 – 42 б.
2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы [Текст] / Алимбеков А. – Б.: Алтын тамыр, 1997. – 62 б.
3. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү [Текст] / А.Акматалиев. – Б.: Шам, 2000. – 348 б.
4. Апышов Б. Тарбия жараяны (окуу куралы) [Текст] Б.Апышов. – Б.: 2008. – 126 б.
5. Байгазиев С. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы [Текст] / С. Байгазиев. –Кутбилим. – Бишкек, 2010, 20-август.
6. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы [Текст] // Кутбилим, 2010, 20-авг.
7. Макаренко А.С. О путях общественного воспитания [Текст] / Макаренко А.С. – Пед. Соч. -Т.7.
8. Макаренко А.С. Книга для родителей [Текст] / Макаренко А.С. – М. 1986.


***Рецензент: д.ф.н., профессор Байгазиев С.О.***